Абдыкадырова Гүлсаада Кочконбаевнанын «Адабият окуу курсунда эпосторду окутуунун методикасы (“Эр Төштүк”, “Эр Табылды”)” аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча, педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишине карата расмий оппоненттин

ПИКИРИ

**Изилдөө үчүн тандалып алынган теманын актуалдуулугу –** Учурда компьютердик технологиянын өтө тез өнүккөн мезгилинде мектепте окуучулардын көркөм адабиятка карата кызыгуулары, дегеле, китеп окууга болгон демилгелери барган сайын басаңдап, анын ордуна дүйнөлүк маалыматтарды камтыган интернет булактары, смартфон андагы ар кыл пайдасынан зыяны көп түшүнүктөр, оюндар, фильмдер балдардын аң-сезимин ээлеп, жан-дүйнөсүнө бүлүк салып жаткан учурда, ошондой эле, уламдан улам кыргыз адабияттын сааттары азайып, окуу планынан сүрүлүп, предмет катары функциясы басаңдап бара жаткан мезгилде ооздон оозго өтүп кылымдарды карытып, сакталып келген улуттук маданий, тарыхый адабий-эпикалык мурастарыбызды таберик катары сактап, окутуу менен кийинки урпактарга калтыруу маселеси курч коюлууда.

Бүгүнкү күндө, айрыкча, кенже эпостор фольклордук чыгарма катары байыркы мезгилдеги карапайым элдин жоокердик замандагы баштарынан өткөргөн оор азаптарын, көз жашын, көчмөн турмушун, асыл үмүт-тилектерин, баёо мифтик көз караштарын, идеал-түшүнүктөрүн, эр жүрөк, кайратман элдик патриот баатырларын, турмуштагы ар кыл түрдүү жорук-жосундарды, ак менен караны, адилеттик менен адилетсиздикти, жалган менен чындыкты, жакшылык менен жамандыкты, ак ниеттүүлүк менен чыккынчылыкты, кооздук, табигыйлык менен жасалмалуулукту чагылдырган, ошол алдыңкы идеялык сюжеттик мазмунду манасчылар, дастанчылар, акындар муундан муунга оозеки түрдө жеткирген көркөм-адабий, эстетикалык баалуулук, таалим-тарбиялык таасири күчтүү маданий-тарыхый мурас катарында барк-баасы жогору бааланып отурат.

Тилекке каршы, тарыхый-эпикалык мураска айланган кенже эпосторду окутуунун методикалык негиздери ырааттуу жана толук иштелип чыкпагандыгы, бул багыттагы изилдөөлөрдүн жоктугу, улам кийинки муундагы жаштардын элдик чыгармаларга карата кайдыгер мамилеси, элдик кенже эпосторду мектепте окутуу практикасынын жалпылаштырылбагандыгы, мугалимдердин иш тажрыйбаларынын

жайылтылбагандыгы, элдик оозеки чыгармаларды окутуу боюнча орто мектептердин усулдук колдонмолорго муктаждыгы, кенже эпостордун басмадан китеп түрүндө басылып чыкпагандыгынын өзү изилдөөнүн ***актуалдуулугун*** тастыктап турат.

Мына ушундан улам, Абдыкадырова Гүлсаада Кочконбаевна тарабынан кыргыз адабиятын окутуунун методикасындагы башкы маселе болуп эсептелинген кыргыз мектептердеги адабият окуу курсунда элдик эпикалык тарыхый-маданий мураска айланган “Эр Төштүк” жана “Эр Табылды”эпосторун окутуунун илимий-методикалык негиздери иликтөөгө алынып, диссертациялык иш даярдалып отурат.

Илимий изилдөөнүн **“Кыргыз орто мектептеринин адабият окуу курсунда кенже эпосторду окутуунун теориялык-методологиялык негиздери”** аттуу биринчи бөлүмүндө (11-48-бб.) тарыхый-хронологиялык тартипте кыргыз адабиятынын окуу программаларына талдоолор жүргүзүлгөн. 1941-43-жылдардагы толук эмес орто жана орто мектептер үчүн адабияттык окуу программасынын жаңы вариантында кыргыз элинин фольклорун окутууга басым жасалып, 7-класста тарыхый-баатырдык эпостор “Манас” эпосу менен бирге эле “Эр Төштүк” эпосунан үзүндүлөр ошондой эле тарыхый-баатырдык-турмуштук эпостор “Курманбек”, “Кедейкан”, “Саринжи Бөкөй”, “Кожожаш” эпостору алгачкы ирет киргизилгендиги, хрестоматиялардын түзүлүүсүндөгү К.Рахматуллин, Т.Байжиев, К.Нанаевдердин ролу тууралуу п.и.д., профессор Н.Ишекеевдин “Кыргыз адабиятын мектептерде окутуунун тарыхы” аттуу эмгегинен шилтемелер келтирүү менен тастыкталган.

1940-1960-жылдардагы З.Бектенов, М.Байжиев, С.Мусаев жана Ж.Таштемиров, Б.Маленовдордун окуу китептеринде “Эр Төштүк” эпосунун текстинин окуу материалы катары киргизилишине талдоо жүргүзүлүп, 1963-жылы сегиз жылдык жана он бир жылдык мектептердин 5-8-класстары үчүн кыргыз тили жана адабияттык окуунун программасында “Эр Табылды” эпосу алгачкы ирет киргизилип, 2 саат бөлүнгөндүгү, Н.Кангелдиев, В.Шнейдмандын 6-класстар үчүн “Биздин адабият” окуу китебинде 1970-жылдары Актан Тыныбековдун айтуусундагы “Эр Табылды” эпосунун кыскартылган варианты орун алгандыгы келтирилген.

Кийин 1992-жылдары өлкөбүз эгемендүүлүккө ээ болгонго байланыштуу министрлик тарабынан окуу планындагы сааттардын көбөйүүсүнөн улам, кыргыз адабиятына жумасына 3 сааттан, жыл бою 102 саат бөлүнүп, Кыргыз педагогика илим-изилдөө институтунда адабиятчы-окумуштуулар, методист-адистер С.Байгазиев менен А.Муратовдор тарабынан иштелип чыккан жаңы окуу программасында ( бул авторлор

кийин кыргыз адабиятынан билим берүүнүн мамлекеттик стандартын да түзүшкөн) орто мектепте адабий билим берүүнүн негизги этаптары (*1-этап* – 5-7-класстар: адабияттык окуу; *2-этап* – 8-9-класстар: тарыхый, адабий курстун элементтерин ичине алган системалык курска жакындатылган адабияттык окуу; *3-этап* – 10-11-класстар: кыргыз адабиятынын системалуу курсу) тактоого алынып, системалаштырылгандыгы, ушул программада 5-7-класстар үчүн окуу китеби эмес, окуу хрестоматия сунушталгандыгы жана көркөм чыгармаларды үн чыгарып, үн кубултуп көркөм окууга өзгөчө басым жасалгандыгы; программага таянуу менен жогорудагы этаптарды окутуунун өзгөчөлүктөрү, айрыкча, анын ичинде, 1-этаптагы (5-7-кл.) адабияттык окуу курсунда чыгармадагы адабий каармандарды, чыгарманын сюжети жана композициясы, тили, көркөм чыгарманын тектери жана түрлөрү, троп жана анын түрлөрү окутулуп-үйрөтүлөөрү аныкталуу менен "Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторунун окуу материалдары ушул программада алгачкы ирет системалаштырылгандыгы жана ушул күнгө чейин окутулуп келгендиги иликтенилген. Ошол 2000-жылкы программада элдик кенже эпостордун окуу материалдары жана сааттары көрсөтүлгөн. Алар:

*"Эр Төштүк" эпосу боюнча 6-класста 5саатта төмөнкү материалдар окутууга сунушталган:* Эпостун кыргыз маданиятында ээлеген орду; чыгарманын негизги мазмуну: Төштүктүн теги, туугандары, Элемандын желмогуз кемпирге жолугушу, жер үстүндөгү жана жер астындагы окуялар; адилеттүүлүк менен кыянаттыктын күрөшү, адилеттүүлүктүн салтанат курушу; Маамыттар жана жер астындагы башка жандыктар менен Төштүктүн достугу; Эпостогу терс сапаттарды алып жүргөн каармандардын – Желмогуз кемпирдин, Көк дөөнүн, ажыдаардын сүрөттөлүшү жана аларды мүнөздөөдө пайдаланылган көркөм сөз каражаттары; Төштүк – элдин сүйүктүү баатыры, эпостогу фантазиянын, гиперболанын күчү, архаикалык, гиперболалык каражаттар; адабият теориясынан: гипербола жөнүндө түшүнүк.

*"Эр Табылды" эпосу боюнча 7-класста 4саатта сунушталган окуу материалдары:* чыгарманын жаралуу мезгили, патриоттук пафосу, Мекенди сүйүү, жолдоштук, достук идеяларынын даңкталышы; өз элине чыккынчылык кылган Кудайназар менен Чалкалмактын образдары; Табылдынын жана анын жигиттеринин мүнөздөлүшү; Уруш эпизоддору, андагы алдыңкы планга чыккан кол башчылар; Элдиярдын, Карлыгачтын эл-жерге берилгендиги; сырткы жана ички душмандарга каршы күрөштө баатырлардын эл менен биримдиги; эпостун тилдик байлыгы; адабият теориясынан: эпос жөнүндө түшүнүк.

Ошону менен бирге эле ушул окуу программасынын негизинде кыргыз адабиятынын хрестоматия окуу китептери даярдалып, учурда мектептерде окутулуп жаткандыгы белгиленген.

Автор эпикалык мураска айланган элдик кенже эпосторду мектепте окутуунун изилдениш тарыхына токтолуп, айрым макалаларды эске албаганда п.и.д., профессор Н.Ишекеевдин кыргыз адабиятын окутуу методикасынын тарыхын изилдөөгө арналган докторлук диссертациясы, монографиясы, Т.Молдогазиевдин кандидаттык диссертациясы, Н.Кангелдиев, Б.Маленов, К.Сабаева, С.Саипбаевдин, А.Муратов, Т.Орунбаевдин эмгектерин санап өткөн жана Б.Исаковдун "Эр Төштүк" эпосун окутуу боюнча иш тажрыйбасындагы чыгармачылык нуктагы методикасынан *шыралга, эсиңе току, сүйлөп машыгуу, үлгү, өзүңдү өзүң текшер, өзүңө өзүң баа кой* (27-30-беттерде) сыяктуу ыкмаларын үлгү-мисал катары көрсөткөн.

"Эр Төштүк" жана "Эр Табылды" эпосторун элдик фольклордук эпикалык мурас катары окутуп-үйрөтүүнүн башкы өзгөчөлүктөрү катары мисалы: *эпостун элдүүлүгү; бир нече варианттуулугу; салттуулугу; оозеки түрдө айтылуусу; манасчы, төкмө, акын-ырчылар тарабынан айтылышындагы алардын импровизациялык аткаруучулук-артисттик өнөрү, жест, мимикасы; эпостун тилдик жасалгасы: салыштыруу, гиперболанын жыш кездешиши; көп маданияттуулуктун алкагында дүйнө элдеринин эпостору менен салыштырылып окутулуусу* сунушталган.

Ошондой эле, "Эр Төштүк" эпосу Саякбай Каралаев, Жусуп Мамай тарабынан айтылып, Ыбрай Абдрахманов (1937-ж.), Жума Жамгырчиев (1926-ж.), Ыйманбек Шамен уулу, Жанжигит Казакбаевдер тарабынан жазылып алынганы жана басмадан чыкканы (1926-1983-жж.), ал эми "Эр Табылды" эпосу Ырысбай Дыйканбай уулу, Актан Тыныбеков тарабынан айтылып, Каюм Мифтаков (1923-ж.), Жума Жамгырчиев (1940-ж.), Актан Тыныбековдор кагазга түшүргөнү жана басылган жылдары (1940-2002-жж.) иликтенилген.

**"Адабият окуу курсунда кенже эпосторду ("Эр Төштүк", "Эр Табылды") окутуунун методикасы"** деген аталыштагы диссертациянын экинчи бөлүмүндө (53-118-бб.) текстти адабий-теориялык талдоо, образдарды талдоо жана окуучулардын этномаданий, этнолингвистикалык компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери каралган.

Адабий-теориялык термин катары ***эпос*** – айтуу, сүйлөө; ошондой эле ***миф*** – улама, сөз; ***миф*** - "чындыкка коошпогон бирок философиялык, көркөмдүк-эстетикалык касиетке ээ, байыркы адамдардын табият таануудагы наристе, баёо элестетүүсү" (Макелек Өмүрбай), сыйынууга, ааламдын

заттардын жаралышына, табияттан сырткары сыйкырдуу күчтөргө, тотемдик түшүнүктөргө арналган мифтер тууралуу, ошондой эле, мифтик көрүнүштөрдү сүрөттөөдөгү ***салыштыруу, гипербола жана анын түрлөрүн*** окутуу "Эр Төштүк" эпосундагы төмөнкүдөй мисалдар менен тастыкталган: Эр Төштүк жана анын атына карата - *"Тоодой тулпар ат минген, карагайдай камчы алган"; "Отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн, найза тешип кетпеген, чапса кылыч кеспеген"; "Кук эткенден кузгун жок, как эткенден карга жок"; "Көрүнбөсө Чалкуйрук, көк түтүн болуп бөлүнүп".* Маамыттарга карата – *"Жан казандай башы бар, кылдан ичке мойну бар"; "Желмогуздун тишиндей, карыш болгон бою бар, ай-ааламдын баарысын, биле турган ою бар".*

Эпостун текстиндеги адабий-теориялык түшүнүктөрдү, терминдерди окутууда, ошондой эле, ***аллитерация (кайталоо), асссонанс (үндөштүк, уйкаштык) жар салуу, жорго сөз, көркөм чыгарманын сюжети жана анын элементтерин*** *(мисалы, экспозиция, окуянын түйүндөлүшү (завязка), окуянын өнүгүшү, кульминация, окуянын чечилиши (развязка) пролог, эпилог)* "Эр Төштүк" эпосун окутуунун мисалында, ошондой эле, ***көркөм чыгарманын композициясын жана анын элементтерин*** (мисалы, автордук баяндоо, диалог, монолог, лирикалык чегинүү, портрет, пейзаж, интерьер, метр, ритмика, уйкаштык, интонация ж.б.) окутуу сунушталган.

"Эр Табылды" эпосунун көркөм сөз каражаттары" аттуу сабактын иштелмесинде ***салыштыруу (троптун жөнөкөй түрү)*** – "*каргадай* болгон медерим", "*ак жолборстой* айкырып, *кабыландай* бакырып", *уй түгүндөй* көп калмак"; ***метафора (өтмө маани)*** – "жылас кылып салуу", "кызыл канга боёлуу", "тула боюн тер кылуу", "алма башты кесүү"; ***эпитет (троптун түрү)*** – "алп уйку", "май куйрук", "төш таянуу", "аяк басуу"; ***гипербола (апыртып сүрөттөө)*** – "тура албай жашын сел кылып, кырк жигит ыйлап буркурап, арчатору буудандын даңканы көккө зыркырап", "жетип келди бир паста, аткан октой зыркырап", суудан түтүн бурулдайт", "муруту типтик сайылып, суунун үстү кан агып, сулдуйган канча жан агып" сыякиуу ж.б. тилдик-грамматикалык, терминдик талдоолор келтирилген.

Диссертацияда "Эр Төштүккө" салыштырмалуу "Эр Табылды" эпосун чыныгы тарыхый-баатырдык эпос катары, башкы каарман Эр Табылдыны өзүнүн эл-жерин сырткы душмандардан коргогон, сактаган, кайратман, реалдуу чындыкка жакын турмушта болгон каарман катары окутуунун мисалы иретинде анын Катаган уруусунан чыккандыгы, Эр Табылдынын атынан Ысык-Көлдө, Нарында жер-суулардын аталышы, урпактары тарабынан эстеликтин орнотулушу ж.б. тарыхый фактыларды сабакта колдонуу келтирилген. "Эр Табылды" эпосундагы топонимдер, жер-суу

аттары, турмуш-тиричиликке, каада-салтка байланыштуу сөздөр жана алардын классификациясы, жылкы жаныбарлардын аттары, музыкалык аспаптардын аталышы, курал-жаракка тиешелүү аскердик-согуштук терминдерди окутуу иштери көрсөтүлгөн. Акыркы бөлүмдө педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана андан алынган жыйынтыктар сунушталган.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы жана теориялык маанилүүлүгү** катарында: адабият курсунда «Эр Төштүк» жана «Эр Табылды» эпосторун үйрөтүүнүн методикасы азыркы шарттарга ылайык адабият таануу, педагогика, психология илимдерине негизделип, кыргыз педагогикасында заманбап талаптарга ылайык иштелип чыгып, аларды окутуунун тарыхы, учурдагы абалы, өзгөчөлүктөрү илимий багытта ырааттуу талдоого алынып, кенже эпосторду окутуунун натыйжалуу жолдору жана каражаттары системага салынган. Бул багыттагы методикалык ыкмалар эксперименталдык текшерүүдөн өткөрүлүп, мектеп практикасына сунушталган.

**Диссертациянын жыйынтыктарынын, илимий жобосунун, негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгүнүн деңгээли** - кенже эпосторду окутуудагы негизги проблемалар катары төмөнкү жагдайлар белгиленген: элдик эпостор окууга эмес, угууга ылайыкташкандыгы менен буга ылайык шарттардын түзүлбөй жаткандыгы; кенже эпостордун тексттеринин толук жетишсиздиги, балдар үчүн адаптацияланган чыгарылыштарынын жоктугу; фольклордук чыгармаларды окуп-үйрөнүүгө азыркы окуучулардын анчалык кызыкпагандыгы; аталган чыгармалардын тилдик байлыктарынын маанисин бүгүнкү окуучулардын толук түшүнбөй тургандыгы; кенже эпосторду мектепте, жогорку окуу жайларында окутуу, анын ичинде заманбап технологияларды пайдаланып үйрөтүү боюнча методикалык колдонмолордун жетишсиздиги; бул багытта мугалимдердин иш-тажрыйбаларынын илимий жактан иликтөөгө алынбай жаткандыгы аныкталган.

Кенже эпосторду окутуудагы өзгөчөлүктөр катары: эпосту айтуучулар, эпостун варианттары, китеп болуп басылышы, айтуучулук өнөр тууралуу маалыматтарды берүү; чыгарманы тарыхый окуялар, башка элдердин эпостору менен типологиялык жактан байланыштырып талдоо; тексттин тил байлыктарын терең өздөштүрүү үчүн методикалык-лингвистикалык иштердин системасын колдонуу, ошондой эле, окутуу процессинде чыгарманын негизинде окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн, этномаданий, тилдик-коммуникативдик компетенттүүлүктөрүн жогорулатуу үчүн чыгармачылык ишмердүүлүктөрдү өркүндөтүү маселелери чечилген.

Кенже эпосторду мектепте окутуунун методологиялык жана дидактикалык негиздерин иштеп чыгууда ал чыгармаларды философиялык, педагогикалык, психологиялык эмгектерге, адабият таануу, тарых, социология

боюнча изилдөөлөргө таянып окутуу гана күткөн жыйынтыктарды берери тастыкталган. Мисалы, «Эр Төштүк» эпосун окутууда философиядагы, эстетикадагы, фольклористикадагы элдик мифологиялык түшүнүктөр, анимисттик, тотемдик көз караштар тууралуу билимдерге, «Эр Табылды» эпосун үйрөтүү учурунда кыргыз тарыхындагы калмак баскынчылары менен болгон согуштар тууралуу маалыматтарга, чыгарманын тилин талдоодо кыргыз тили предметинен окуп үйрөнүлгөн синоним, омоним, антоним, кесиптик лексика, диалектизм, фразеологизм, стилдик каражаттар ж.б. түшүнүктөргө таянылышы керектиги, ал эми окутуу теориясы дүйнөлүк жана орус, кыргыз педагогдорунун, методисттеринин эмгегине негизделишинин зарылдыгы белгиленген.

Кенже эпосторду окутуу адабият таануу илимисиз, адабияттын тарыхы, адабияттын теориясы, адабияттын сыны боюнча булактарды, мугалимдердин тажрыйбаларын колдонуусуз объективдүү жана натыйжалуу ишке ашпастыгы эмгекте ар тараптуу далилденген. Кенже эпосторду окутуунун жолдору, ыкмалары окутуу ишинде сынактан өткөрүлүп, алгылыктуу натыйжалар алынган. Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштары туура теориялык-методологиялык таянычтардын негизинде түзүлгөн. Эмгек тема боюнча ички бир бүтүндүккө бириктирилген бир топ илимий жаңы жыйынтыктарды жана жоболорду ичине камтыйт жана алар изденүүчүнүн педагогика илимине кошкон жеке салымын тастыктай алат.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык баалуулугу**

Орто мектептердин кыргыз адабиятын окуу курсунда кенже эпосторду (“Эр Төштүк”, “Эр Табылды”)” окутуу боюнча талдоого алынган илимий-теориялык булактар кыргыз адабияты мугалимдери жана илимий изилдөөчүлөр үчүн илимий таяныч боло алгандыгы; изилдөөнүн объектисиндеги адабият окуу курсунун 6-7- класстарындагы кыргыз адабияты сабактарында кенже эпосторду окутуу процесси окуучулардын ички жан дүйнөсүндөгү асыл баалуулуктарды калыптандырып, андан ары өнүгүп, өсүүсүнө жардам берүү менен ага тарбиялагандыгы; адабият окуу курсундагы кенже эпосторду окутуунун ыкмалары жана методдору окуучулардын этномаданий, этнолингвистикалык компетенттүүлүгүн калыптандыруу менен элдик идеянын негизинде келечекте өз Мекенинин патриот жараны катары турмушта туура багыт алууга окутуп-тарбиялоого көмөк көрсөткөндүгү; изилдөөнүн мазмуну орто мектептердин мугалимдери үчүн методикалык колдонмо катары пайдаланыла тургандыгы.

Абдыкадырова Гүлсаада Кочконбаевнанын диссертациясынын жыйынтыктары илимий-педагогикалык басылмаларда чагылдырылып, конференцияларда баяндамалар жасалып, сабактар өткөрүлгөн жана

педагогикалык эксперименттерде текшерилген. Жалпы кортундуларда изилдөөнүн натыйжалуу жыйынтыктары чыгарылып, изилдөөгө алынган проблемалар боюнча айрым бир сунуштар киргизилген.

**Диссертациянын негизги жоболору, жыйынтыктары жана натыйжалары** 15 аталыштагы илимий макалада чагылдырылып, алардын төртөө орус тилинде Россия Федерациясындагы илимий журналдарга, ал эми калган он бир макала Кыргызстанда КРнын Жогорку аттестациялык комиссиясы талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Автореферат диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине дал келет жана бири-бири менен бирдей түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

Абдыкадырова Гүлсаада Кочконбаевнанын диссертациялык иши жана анын жыйынтыктары илимий жаңылыгы жана практикалык мааниси боюнча кыргыз адабиятынын методика илиминде элдик эпикалык мураска айланган кенже эпосторду окутууну өркүндөтүүгө кандайдыр бир деңгээлде салым кошот жана өз алдынча иштелип чыккан, толук бүткөрүлгөн илимий иш болуп эсептелинет.

**Диссертациялык иште кездешкен айрым бир мүчүлүштүктөрдү айта кетүүнү зарыл деп эсептейбиз. Алар:**

1. Педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары баштан аяк системалаштырылып, ырааттуу түрдө так берилсе, мисалы, эксперименттин кайсы этабы, кайсы окуу жылында кайсы мектепте өткөрүлүп, канча окуучу жана канча мугалим катышты, кандай жыйынтыктар алынгандыгы тууралуу сандык сапаттык көрсөткүчтөр так, даана чагылдырылса;
2. “Эр Төштүк”, “Эр Табылды” эпосторунда эскирген сөздөр, историзмдер, архаизмдер көп кездешкендиктен, ушул багытта эпостун тилин талдоо, сөздүк иштери жүргүзүлсө кыргыз тили предмети менен байланыш ишке ашырылат эле;
3. Диссертациянын техникалык жагын тактоо, мисалы, айрым таблицалардын зарылдыгы жок (21-22-бб.,78-79-бб.,102-104-бб.) болгондуктан текст түрүндө келтирүү; таблицалардын интервалдары жайылып кеткендиктен аларды кичирейтүү (41-42-бб.,124-127-бб.,129-134-бб.,136-137-бб.) ж.б. ошондой эле грамматикалык, орфографиялык каталарды четтетүү

Ошентсе да, бул аталган мүчүлүштүктөр диссертациялык иштин жалпы деңгээлине өзүнүн таасирин тийгизе албайт деген ойдобуз.

Жыйынтыктап айтканда, Абдыкадырова Гүлсаада Кочконбаевнанын «Адабият окуу курсунда эпосторду окутуунун методикасы (“Эр Төштүк”,

“Эр Табылды”)” аттуу темадагы 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча диссертациялык иши жана анын автореферaты Кыргыз Республикасынын Жогорку Аттестациялоо комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды ыйгаруу тартиби жөнүндөгү жобосунун» 10-пунктунун талаптарына ылайык иштелип чыккан эмгек болуп саналат. Изилдөөнүн автору Абдыкадырова Г.К. аталган адистик боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейбиз.

Расмий оппонент:
педагогика илимдеринин доктору, доцент Мусаева В.И.

Педагогика илимдеринин доктору,
доцент В.И.Мусаеванын колун тастыктайм:
И.Арабаев атындагы КМУнун кадрлар
бөлүмүнүн башчысы

Дата поступления отзыва
в ДС Д 13.18.580
1 09.2018
Уч. секр. ДС Омурбаева Д.К.